**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ- УКУКТУК**
**ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**
**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д. 09.16.534.**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 172.3:28-24 (575.2) (043.3)**

**ГУЙАХУНОВ ЛУГМАР ТАШИРОВИЧ**

# КУРАН ЗАМАНБАП ИЛИМДИН КОНТЕКСТИНДЕ: ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

09.00.03 – философиянын тарыхы

философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферати**

**БИШКЕК – 2018**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институнун философиянын тарыхы бөлүмүндө аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, философия илимдеринин доктору, профессор<br>**Мукасов Ысманалы Мукасович** |
| **Расмий оппоненттер:** | философия илимдеринин доктору, профессордун м.а. **Исаков Кубанычбек Абдыкадырович**<br><br>философия илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Тоголоков Айбек Мойдунович** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | УНПК,Кыргызстан Эл - аралык университетинин философия кафедрасы Кыргыз Республикасы, 720071, Бишкек шаары, Л.Толстой көчөсү, 17/1 |

Диссертациялык иш 2018-жылдын "____"_________ саат 12.00 дө. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) жана маданият таануу, искусство таануу (17.00.02-музыкалык искусство) боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д.09.16.534. Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.)

Автореферат 2017-жылдын "_____"_____________таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, философия илимдеринин кандидаты, доцент** **Н.С.Акматова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Адамзаттын тарыхында бир бүтүн муун келип чыккан жана көптөгөн жүз жылдык аралыгында убакыттан алдыга озгон китептерди кездештирүүгө болот, алар окурмандардын акыл-эсин бушайманга салып келүүдө. Ыйык Куран мына он төрт кылымдан бери эргүүнүн булагы болуп келе жатат. Мезгил алмашууда, адамзаттын билимдери улам өркүндөөдө, бирок Куран араб тилин билгендерди өзүнүн ыргактуулугу, кыраатынын кооздугу жана терен маани-маңызы менен суктандырбай койбойт. Өзүнө ушунчалык көп көңүл бурдуруп, айланасына көптөгөн күйөрмандарды топтой алды.

Куран VII кылымдын биринчи жарымында Ибрахим менен Ысмайыл пайгамбардын урпагы деп эсептелген бай эмес, бирок кадыр-барктуу араб Мухаммедге жиберилген. Кудайдын аянын алуу менен Мухаммед 23 жыл бою пайгамбарлык кылып, анын ичинен 13 жыл Меккеде, калган 10 жылын Мединада (мурун аталган шаар Ясриб деп аталган) өткөргөн. Кудайдын керемет Сөзүн аңдап билүү менен, Мухаммед өзүнүн жолун жолдоочуларды Куранды жатка билүүлөрүнө, анын маани-маңызына терең ой жүгүртүүгө жана өзүнүн ички дүйнөсүн анын идеалдары менен окшоштурууга чакырган. Куран ага пайгамбарлык миссияда ийгиликти камсыз кылып мусулмандарга улуу умма болуп чыгуусуна көмөк көрсөткөн, ал жүздөгөн элдерди бир нече кылымдар бою бириктирип, өзүнүн артынан цивилизациялык лидерликти сактап келген.

Кудайдын Элчиси декламациялаган Ыйык Куран жүздөгөн жылдардан кийин да ошол бойдон сакталып калды. Курандын билгичтери ыйык тексти жатка билишип, аны муундан муунга өткөрүп беришүүдө. Ыйык Жазуунун өзү жашоо-турмушта, ар бир мусулманда жана жалпы эле уммада маанилүү ролду ойнойт. Бул руханий-нравалык баалуулуктардын булагы жана жашоо-турмуштун жетекчиси. Бул Кудайдын акылмандыгы жана бардык адамзатка болгон түбөлүктүү осуяты. Байыркы мезгилдерден бери эле курандык ачылыштардын артынан ээрчүү мусулмандык умманын диний жашоосунун ажырагыс бир бөлүгү жана анын рухий өздүк өркүндөөсүнүн ишенимдүү ыкмасы бойдон кала берет.

Мурун өзүнүн түпкү тегинде арабдардан болуу менен биринчи мусулмандар эне тилинин өзгөчөлүктөрүн мыкты ажырата билишип, ал тургай Куранды өзүнүн же коңшу уруунун диалектисинде окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Андан тышкары, алар көптөгөн курандык тарыхтар жана насыяттар менен байланышкан окуялардын күбөсү болушкан. Ушуга байлыныштуу Пайгамбардын жакындары ачылыштардын таасын маани-маңызын тактоодогу кыйынчылыктарга көп дуушар болушкан эмес, алар бир-нерсени түшүнбөй калган учурларда өзүнүн Устаты-Жаратуучунун Элчисине суроо бере алышкан. Ошондуктан исламда Куранды окуу ыйык тексти жатка билүүнү жана

Жаратуучунун Элчисинин өз оозунан алынган чечмелеништер менен түшүндүрмөлөргө маани берүүнү түшүндүрөт. Ошондой болсо дагы, Куранды окуунун, өткөрүп берүүнүн жана чечмеленүүнүн принциптерин калыптандыруу зарылчылыгы анын жакындарынын мезигилинде эле пайда болгон.

Постсоветтик мезгилде Куранды илимдин контекстинде изилдөө кубаттуу секирик жасады деп айтсак болот. Курандын мазмуну менен стилин, мусулмандык булактарды жана куран таануучулук чыгармаларды орус тилине которууга байланышкан сындык изилдөөлөрдүн салыштырмалуу көп саны пайда болгон. Андай болсо да, чет элдик авторлор аталган эстеликтин тили жана анын түзүлүү тарыхы менен байланышкан өзөктүү маселелерди чечүүдө олуттуу ийгиликтерге жетишпесе дагы, топтолгон фактылык материал конкреттүү практикалык милдеттерди чечүү үчүн эффективдүү колдонула алат. Акыркы эки жүз жылдыкта жарык көргөн олуттуу эмгектердин ичинен белгилүү араб таануучу жана тарыхчы М.Б.Пиотровскийдин «Коранические сказания», В.Д.Ушаковдун «Фразеология Корана» (Курандын фразеологиялык жана араб классикалык тилин салыштыруу тажрыйбасы), Е.А.Резвандын «Коран и его мир», А.Р.Гайнутдинованын «Истории пророков в Коране» аттуу эмгектерин атоого болот. Курандагы фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик конструкцияларды кылдат чечмелөө В.В.Лебедевдин «Учись читать Коран по арабски» аттуу окуу куралында берилген.

Илимдин контекстиндеги Куранды сындык изилдөөнүн алдыңкы борбору болуп Россияда Санкт-Петербургдук мамлекеттик университетинин Чыгыш факультети, М.В.Ломоносов атындагы ММУнун Азия жана Африка өлкөлөрү Институту, Кыргызстанда болсо Ислам университети, Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети ж.б. эсептелет. Ошентип, заманбап илимдин контекстинде Куранды изилдөөгө багытталган жаңы изилдөөлөрдүн жоктугу аталган иштин актуалдуулугун далилдеп турат.

**Диссертациянын темасынын илимий программа жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иштин темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык илимий программасына жана КР УИАнын философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр Институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп заманбап илимдин контекстиндеги Куранды изилдөөнүн методологиялык маселелери эсептелет, ал эми изилдөөнүн **предмети** катары илимдин спектриндеги Курандын мазмунуна болгон когнитивдүү анализ эсептелет.

**Иштин максаты** заманбап илимдин контекстиндеги Куран эсептелет.

Белгиленген максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттери** аныкталды:

-дүйнөлүк илимдеги Куранды изилдөөнүн концепцияларын ачып берүү;

-Куранды изилдөөдөгү дисциплинардык аралык ыкмалар маселесин

анализге алуу;

-Ааламдын келип чыгуу маселесин ачып берүү;

-адамды исламдагы жогорку баалуулук катары анализ берүү;

-Курандагы илимдерди изилдөө маселелерин аныктоо.

Ошону менен катар биз дүйнөлүк философиялык ойломдун классиктеринин теоретикалык жоболоруна жана идеяларына, Куран маселелерине арналган ата-мекендик жана чет элдик заманбап изилдөөчүлөрдүн эмгектерине таяндык.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иште тарыхый-философиялык рефлексиянын деңгээлинде Куранга философиялык анализ жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгына төмөнкүлөрдү киргизсек болот:

-дүйнөлүк илимдеги Куранды изилдөөнүн концепциялары ачылып берилди;

-Куранды изилдөөнүн дисциплинардык аралык ыкмалар маселесине анализ жасалды;

-Ааламдын жаралуусу туурасындагы маселе ачылып берилди;

-адам исламдагы жогорку баалуулук катары анализ жасалды;

-Курандагы илимдерди изилдөө маселелери такталды.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Курандагы тарых концепциясын башка философиядан төмөнкүлөр айырмалап турат. Биринчиден, эгерде тарыхтын философтору же социологдор өзүлөрүнүн концепцияларын өткөн менен азыркынын окуяларын интерпретациялоодо түзүшсө, анда Куран аталган маселени принциптердин өзгөрмөлүксүздүгү көз карашында караган. Экинчиден, башка бардык философиялардын фатализминен (авторлордон) айырмаланып, ал тургай Ибн Халдун дагы эркин тандоого жана адамдын нравалуулугуна көңүл бурат. Бирок Куранда баса белгиленген Кудайдын Эркин гегеляндык философиядагы «рухтун» кандайдыр-бир аналогиясы же башка философиялардагы тарыхтын абсолюттуу багындырылгыс мыйзамдары катары баа берүүгө болот, Куран адамдын эркин эч качан четке каккан эмес.

2. СССРдеги курандык изилдөөлөрдүн өнүгүүсүндөгү олуттуу алдыга жылуулар советтик мамлекеттин кулашына чейин эле бир аз мурунураак байкалган. Өзгөрүүлөрдүн белгилери XX кылымдын 70-80-жылдар аралыгында ата-мекендик жана чет элдик чыгыш таануу илиминин өкүлдөрүнүн жетишкендиктеринин ырааттуулугунун негизинде Куранды изилдөөгө кирген окумуштуулардын чөйрөсүнүн олуттуу кеңейүүсү менен башталган, аталган изилдөө көп пландуу, андан кийин дисциплинардык аралык мүнөзгө ээ болгон.

3. Куранда Аллах адамдарды аларды курчап турган жана кылдат изилдеген жаратуунун далилдери туурасында ой жүгүртүүгө чакырган. Ааламдагы системанын, жандуу организмдердин жана жансыз табияттын пайда

болуусун изилдей турган ар бир адам өзүнүн байкоо жүргүзүүлөрүнө акыл калчап, аны менен бирге пайда болгон суроолорго жооп издеп, жакында Аллахтын Даанышмандыгын, Чексиз Билимин жана Түбөлүктүү Кубатын тааный баштайт. Аллах адамдарды ойлонууга чакыра турган кээ бир маселелер аяттарда төмөнкүчө аныкталат: «алар үстүндөгү асманга карашпайт, -биз аны кандай кооз кылдык, анда эч кандай айып жок? Жерди (килем) менен төшөдүк, аларга тоолорду болсо тургуздук, туура жолдогу такыбалардын кыялдануусу үчүн жаш бутактарды өстүрдүк, Кудайга ким кайрылса (бүткүл жаны менен), аларга эскертүү. Биз асмандан жаан жаадырабыз, алар менен бирге  бардык дан өсүмдүктөрүн жана бакчаларды, жыш өскөн жер-жемиштердин жанында пальмаларды  өстүрөбүз» (Куран, 50:6-10).

4. Ислам жүздөгөн жылдар аралыгында адамдарда табияттын мыйзамдары менен гармонияда жана ынтымакта жашоо аң-сезимин калыптандырган. Адамдын табиятка карата болгон мамилелесине таандык анын талаптары адам өзүнүн табият менен карым-катнаштарында жеке пайдасы, өзмчүлдүк жеке кызыкчылыктары менен эмес, өзүнүн жашоо чөйрөсү катары табиятка кылдат мамилеси, жалпы адамзаттык кызыкчылыктары менен жетектелиши керек деген идеяга негизделген. Адамдын табиятка ырайымсыз, нукура утилитардык ыкмасына жол берген Батыштын христиандык цивилизациясынан айырмаланып мусулмандык Чыгыштагы кудайлык философия адам өзүнүн табиятка болгон мамилесинде өздүк эркинен, өзүмчүлдүк көз караштарын эмес, өзүнүн табият менен болгон биримдиге, ага болгон кылдат мамилесине басым жасайт. Куран Библия сыяктуу эле Кудайдын табиятты адам үчүн жараткандыгы тууралында кеп кылат.

5. Курандагы илимдерди изилдөө маселелери мүмкүн боло турган нерсе, адамзаттын тарыхы логиканын көз карашында кыйла татаал жана кыйын кырдаалды башынан кечире элек. Жашоо-турмуштун аныктуулугу жана эксперименталдык илимдердин натыйжалары бизди эки кудайлык түшүнүгү менен бетме-бет келтирди. Бир жагынан, Кудайды, кудайлык диндерди четке кагуу жана ал тургай таанууга мүмкүн эмес, анткени биздин жашоо-турмуштун ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет; экинчи жагынан, экспериенталдык илимдердин натыйжасы боюнча өзүнүн болмушун далилдеген жаёы илимдердин Кудайы түздөн-түз же кыйыр түрүндө адамдын жашоосунун күнүмдүк өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Чыгыш жана батыш ойчулдарынын аталган маселе боюнча  көз караштары ар башка жана коом таануучулар менен психологдордун пикиринде алар толугу менен карама-каршы келишет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Негизги илимий жоболор менен корутундулар изденүүчүнүн заманбап илимдин контекстиндеги Куранды изилдөөдөгү жеке изилдөөлөрүнүн натыйжасы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн теоретикалык жана практикалык мааниси.**

Диссертациянын натыйжалары Кыргызстанда эле эмес, чет мамлекеттердеги да Куран маселелери боюнча илимий-изилдөөчүлүк иштерде пайдаланылышы мүмкүн.

Автордун жоболору менен корутундулары жана изилдөөнүн материалдары философия, маданият таануу, социология курстары боюнча окуу процессинде жана гуманитардык факультеттерде лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги идеялары илимий докладдар, маалыматтар түрүндө төмөнкү илимий-теоретикалык жана илимий-практикалык конференцияларда берилген: Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана (Бишкек, 2016); Известия ВУЗов Кыргызстана (Бишкек, 2017); Новые технологии и инновации Кыргызстана (Бишкек 2017); КР УИАнын ФжСУИИ Жарчысы (Бишкек, 2017); Высшая школа (Уфа, 2017) и др.

Диссертация КР УИАнын ФжСУИИнун философиянын тарыхы, социалдык философия, эстетика жана этика бөлүмдөрүнүн кеңейтилген жыйынында талууга алынган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги мазмуну 8 илимий басылмаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки баптан, беш параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилденип жаткан теманын актуалдуулугу, иштин максаты менен милдеттери, предмети менен обөектиси аныкталып, методологиялык негизи жана илимий жаңылыгы аныкталды, коргоого сунушталган негизги жоболор, диссертациянын теоретикалык жана практикалык мааниси, ар кыл формалардагы алынган натыйжалардын апробацияланышы көрсөтүлдү.

**«Куранды изилдөөнүн методологиялык маселелери»** аттуу диссертациянын биринчи бапында Куранды изилдөөнүн ар кыл методологиялык маселелери анализге алынат.

Биринчи баптын "**Дүйнөлүк илимдеги Куранды изилдөөнүн илимий концепциялары**" аттуу биринчи параграфында Курандагы тарых концепциясын башка философиядан төмөнкүлөр айырмалап тураары айтылат. Биринчиден, эгерде тарыхтын философтору же социологдор өзүлөрүнүн концепцияларын өткөн менен азыркынын окуяларын интерпретациялоодо түзүшсө, анда Куран аталган маселени принциптердин өзгөрмөлүксүздүгү көз карашында караган. Экинчиден, башка бардык философиялардын фатализминен

(авторлордон) айырмаланып, ал тургай Ибн Халдун дагы эркин тандоого жана адамдын нравалуулугуна көңүл бурат. Бирок Куранда баса белгиленген Кудайдын Эркин гегеляндык философиядагы «рухтун» кандайдыр-бир аналогиясы же башка философиялардагы тарыхтын абсолюттуу багындырылгыс мыйзамдары катары баа берүүгө болот, Куран адамдын эркин эч качан четке каккан эмес.

Куран боюнча, Жараткан адамды бул сынап, анын өзүнө кийинки түбөлүктүү жашоодо түшүм чогултуш үчүн “талааны” берет. Ошондуктан Аллах кезеги менен адамдарга ийгилик менен кырсыкты, жеңиш менен утулууну, гүлдөп-өсүү менен төмөндөөнү жиберет, анын баары жакшылыкты жамандыктан айырмалай билүү үчүн керек. Сыноо айтып тургандай, сыналуучу эркин тандоого ээ, ал уруксат берилген менен тыюу салынгандын, жакшылык менен жамандыктын ортосундагыны тандайт. Ошентип, Куран боюнча, тарыхты таңууланбаган Кудайдык Эрк эмес, тескерисинче, Жараткан иштерин анын универсалдуу Эркин жүзөгө ашыруу үчүн элементардык шартты койгон адамдын жеке тандоосун жаратат. Эгерде аталган учур толук түшүнүктүү болсо, анда тарыхтын батыштык философиясынын, өзгөчө алардын “айныксыз соңуна чыгуу” концепциясынын бардык далилсиздигин көрүүгө болот.

Бирок андай болгон учурда бир суроо туулат: “Эгерде цивилизациялар айныксыз соңуна чыгууга келишпесе, анда эмне үчүн өткөн цивилизациялардын бири начарлоого жана “мезгилдин тарап жаткан бийлигине” каршылык кылууга жөндөмдүү болгон эмес”?.

Ага болгон жооп төмөнкүчө:

Аталган суроого болгон жоопто иштин бардык маңызы камтылып турат. Мисалы, Ибн Халдун, Тойнби, Шпенглер ж.б.у. сыяктуу философтор тарыхтын туура эмес концепциясын тарыхый процесстердин реалдуу динамикасын табуу аракетинин ордуна алар цивилизациялардын пайда болуусунун, гүлдөп-өсүүсүнүн жана кулашынын көрүнүктүү тышкы себептерин түшүндүрүүгө аракет кылышкандыгы себеби менен гана калыптандырышкан. Мындай корутундуларга өткөнгө бир карагандын баары эле жакын болушат. Бирок өз мезгилинде жетишкен бир дагы коомчулук өзүнүн артынан ошол (цивилизациялык) биринчиликти сактап кала албагандыгы улуттардын тагдырындагы детерминистик кысымды, айныксыз бүтүүнү түшүндүрбөйт. Өткөн цивилизациялар жок болду, андыктан аларга чейинки болгон элдердин тагдыры туурасындагы эскертүүлөрдү четке кагышты. Демек, тарыхый детерминизмди кабыл алуу адамдын эркин эркин четке кагууну жана Кудайдын ыйык жазууларында, социалдык илимдер тарабынан адамдарга берилген бардык эскертүүлөр менен кеңештерди пайдасыз деп табууну түшүндүрөт.

Жогоруда айтылгандай, жер бетиндеги адам сыноолорго туш болот. Ал

анын баардык каалоолорунун жана айбандык табиттеринин булагы болуп эсептелген “менге” ээ. Андан тышкары, адам башка адамдар менен бирге жашоодогу табигый жакындыка ээ болуп, аны курчап турган чөйрө менен татаал карым-катнашта болот. Бул болсо адамдын кааллоолорунун чектелүүсүн, анын адамзаттык жана табигый курчап турган чөйрө менен болгон карым-катнашы акыйкаттуулука негизделүүсүн, дүйнөдө өзү, аны курчап турган чөйрө, табият менен болуусун талап кылат. Бирок тарых маалымдап тургандай, өзүнүн каалоолору менен ээлигүүчү, коомдогу өзүнүн абалына ыраазы болбогон кээ бир адамдар  башкаларга ээлик кылууга аракет кылышат. Эгерде мындай адамдар өзүлөрүнүн дымагын жүзөгө ашырышып, иш-аракеттерин актай ала турган болсо, адамдарды башкаруу үчүн “конституцияны” түзүшөт. Ал эми калган адамдарды болсо алардын “конституциясы” үчүн добуш берүүгө оңой эле мажбур кылышат. Эгерде Кудайдын мыйзамдары сакталбаса дайыма бардык жерде ушундай болот. Бирок эгерде адамдар христианчылыктагы дин башкармалыгы сыяктуу таптардын ортосундагы далдалчылык ролду аткарбастан чын жүрөктөн Жаратканга Кудай, адамзаттын Башчысы жана Өкүмдары катары ишенишсе, эгерде алар каалоолордун туткунунан, дүйнө абалдарынан же башка адамдардан бошотуу, андан тышкары  ак менен каранын, башчылар менен башкаруучулардын, иш берүүчүлөр менен жумушчулардын ж.б.у.с. ортосундагы жалган жана жасалма антогонизмдерди жоготуу менен Кудайдын Жекелигинин нукура маанисин туюп-сезишсе, кулдардын абалына бир гана Жаратканды жеткирсе, анда алардын үстүнөн акчанын, рассалык дискриминациянын же куралдын жардамы менен алууга эч кимдин дити барбайт.

Куран боюнча бардык адамдар бирдей болгондуктан бир гана Жаратпкандын жаратуучулары болуп эсептелишет, Жараткан үчүн алар бирдей. Андан  тышкары адамдар болбоду дегенде өзүнчө, бири-бири менен жана курчап турган чөйрө менен жашай ала турган эрежелерди орнотуу үчүн жетиштүү деңгээлдеги билимдери менен күч-кубаты жок. Баарынан мурда, адам дүйнөдө өзүнүн Жаратуучусу менен болуусу керек. Анткени Жараткан гана асман менен жердеги Эгем.

Жараткан адамдан болгону ал өзүнүн жашоо-турмушун үч негизде гана куруусун талап кылат, алар: акыйкаттуулукта, диний-нравалык баалуулуктарда, жашоо-турмуш менен табияттын кудайдык мыйзамдарында.

Куран, биринчиден, адамды бир гана Жаратканга ишенүүгө жана сыйынууга чакырат, анын жардамы аркасында ал тең салмактуу жашоону жүргүзүп, чыныгы ички бакыт менен тынчтыка ээ болуп, өзүнүн “мени” аркылуу башка адамдар менен акыйкаттуулук мыйзамдары менен бирге жашай алат. Экинчиден, Куран белгилүү бир нравалык жана юридикалык принциптерди орнотот. Мисалы, ал: “кайрымдуулук иретинде тууганына,

жардыга, жана жолоочуга бер, бирок ченеми жок чачпа. Жакырчылыктан кооптонуп, өз балаңарды өлтүрбөгүлө. Биз аларга да ырыскы беребиз. Балдарды өлтүрүү - эң чоң күнөө. Ойноштук кылуудан сактангыла, ал ушундай бузукулук, жаман жол. Адамды өлтүрбөгүлө, ага Жараткан тыюу салды. Эгерде кимдир-бирөө өлтүрүлгөн болсо, Биз анын укуктук мураскоруна толук бийликти беребиз (киши өлтүргөндүн үстүнөн), бирок ал чектен чыгыш кетпесин (өч алууда). Чындыгында ага көмөк көрсөтүлгөн (Жараткан тарабынан). Жетимдин мал-мүлкүн ал жашы жетилген курака чейин жакшы иштерден башкаларга коротпогула (сактагыла). Убадага бекем тургула, же болбосо убада жоопту талап кылат. Ченем менен кое бергенде, ченем менен толуктагыла; так таразада тарткыла. Бул өзүнүн натыйжасы боюнча эң жакшы жана берекелүү” [147, 17: 26, 31-35].

Үчүнчүдөн, Куран пайызга, кара маркетинге, артыкча байлык топтоого, ууру кылууга, кумар оюндарына, алдамчылыка ж.б.у.с. тыюу салат. Андан тышкары, сакталуусу жана четке кагылуусу адамдын “тагдырына” өз алдынча таасирин тийгизүүчү турмуштук принциптер бар. Мисалы, чыдамкайлык менен токтоолук адатта ийгилик менен жеңишке жеткирип, байлыка, ал эми жалкоолук менен көңүл коштук жакырчылыка алып келет.

Ошентип, адам Куран боюнча, акыйкаттуулук, диний-нравалык баалуулуктарга жана табияттын мыйзамдарына ылайык жашап, же аларды тоотпогондук менен өзүнүн келечегин аныктайт. Анын эркин тандоосунан башка, анын тагдырын эч нерсе аныктабайт. Эгерде болбоду дегенде коомдун көпчүлүгү Жаратканга баш ийип, Анын диний жана табигый мыйзамдарын аткарса, анда алардын тынчтыкта, бакытта, жеке жана коомдук жашоодо гармонияда жашоого эч нерсе тоскоолдук кылбайт. Антпесе, коом анчалык мыкты болбостон, айныксыз төмөндөөгө барат.

Курандагы тарых концепциясын кароо менен баса белгилей кетүүчү башка да бир учур бар. Куран цивилизациялардын “айныксыз соңун” кабыл албайт. Бардык эле цивилизация туура жол менен кетмейин чокусунда кала берет, бирок бир да цивилизация анте алган жок. Өз багытынан алыстап кеткендигине байланыштуу кыйроо босогосунда турган бардык эле цивилизация кыйроодон кутулуп, ал тургай кайрадан көтөрүлөт., эгерде ал өз жолун оңдогон болсо. Ошентип, тарых, эреже катары, түз сызыктуу эмес, циклдик боюнча өнүгөт.

Куран ар тараптан изилдөөгө татыктуу. Изилденүүчү темалардын бири – Курандын көркөмдүүлүгү менен кыраатынын коолдугу, проза да, поэзия да болуп эсептелбеген анын стили. Ал элестетүүнүн өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк берген поэзиянын өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес, көп жагынан поэзия менен прозадан ашып түшөт, аны таанып билип, башынан өткөргөндөрдүн кубаттуу жана уникалдуу рухий өзүнө тартуу каражаты болуп эсептелген таасын ыргак менен

музыкага ээ. Курандын интеллектуалдык жана илимий мазмуну дагы изилдөөгө муктаж. Курандын максаты болуп болмуш системасында анын спецификасы жана ишмердүүлүгүнүн мыйзамдарынын түшүндүрүүгө ылайык илимий феноменин, табияттык көрүнүштөрүн ачып берүү эсептелбейт.

Биринчи баптын «**Куранды изилдөөнүн дисциплинардык аралык ыкмасы**» аттуу экинчи параграфында Куранды изилдөөдөгү ар кыл дисциплинардык аралык ыкмалары каралат.

Илимий дисциплина катары ислам таануунун пайда болуусу жана калыптануусу Куранды орус тилине которуу жүздөгөн жылдар мезгилине, андан тышкары курандык изилдөөлөрдүн кийинки көп пландуу өнүгүүсү башталган. Азыркы мезгилде тигил же бул убакыттык алкакта котормолук ишмердүүлүктүн өркүндөтүлүш тарыхы чагылдырылган чет элдик басылмалар аз эмес, ал жерде Куран тигил же бул ченемде диний-философиялык, адабий, тарыхый-маданий эстелик, эң негизгиси исламдык укуктун башкы булагы катары каралган. Мунун баары дүйнөлүк куран таануунун өнүгүү тенденциялары жана калыптануусу туурасындагы жалпыланган элестөөлөрдүн калыптануу ишинде алдыга жылууга мүмкүнчүлүк берет.

Россиянын окурмандарын Куран менен тааныштыруу жолундагы алгачкы кадамдар Петр I нин демилгеси менен жасалган. Анын тапшырмасы боюнча П.Постников 1647-жылы Андре Дю Рие француз тилине которулган араб түп нускасындагы тексти орус тилине которгон. 1716-жылы «Падышалык Буйрук менен» аталган котормо «Магомет туурасындагы Аль-Коран же түрктүк мыйзам» деген аталыш менен басылып чыккан.

XVIII –кылымдын соңунда Андре Дю Риенин котормосу Курандын башка эки котормосу үчүн негиз катары кызмат кылган. Таанымалдыка алардын бирөөсү гана ээ болуп, талантуу адабиятчы М.И.Веревкин тарабынан аткарылып, «араб Магометтин Аль-Коран китеби» аттуу аталыш менен жарык көргөн (1790-ж.). Курандык тексттерди которуу жана аларды батыш тилдерине оодаруу тажрыйбасында жыйынтыктоочу звено катары К.Николаевдин (1864-ж.) котормосу эсептелген.

XX кылым аралыгындагы Куранды которуудагы академиялык, илимий такталган ыкма менен катар исламдын аталган маанилүү биринчи булагына таанымдык-агартуучулук максаттар боюнча кайрылуу иши байкалган. Нукура араб тилинен кеңири окурмандар аудиториясына ылайыкталган курандык текстердин үч котормосун араб орто кылым тарыхы жана филологиясы боюнча белгилүү адис Т.А.Шумовский басып чыгарган Коран: Священная книга мусульман (перевод с арабского и предисловие Т А Шумовского). М.,1995; Священный Коран; страницы вечных мыслей. Поэтический перевод с арабского Т еодора Шумовского. М. - СПб, 2001; Священный Коран: страницы вечных мыслей. Поатический перевод с арабского Теодора Шумовского. М. - СПб,

2004.]. «Маани-маңыздар котормосу» формасындагы Курандын поэтикалык версияларынын көп сандаган басылмалары В.М.Прохоровдун авторлугу менен жарык көргөн [Коран. Перевод смыслов и комментарии В.М. Пороховой, 10-е издание, М., 2007. О критических замечаниях относительно существенных различий между «смысловым переводом» и «переводом смыслов» см. подробнее: У птаков В Д. Примечания // Коран. Перевод с арабского и комментарий М.-Н. О. Османова. Издание 2. С. 627.].

XX кылымдын 90-жылдарынын башында күн тартибинде тафсирлерди изилдөө туурасындагы маселе турган [Фролов Д.В. Мусульманская экзегетика и Коран // Восток, 1992, №6. С.73-88.]. Түзүүчүсү жана жооптуу редактору С.М.Прозоров эсептелген «Хрестоматия по исламу» (1994-ж.) өзүнө «Коран и его комментарии» деген аталыштагы атайын бөлүмдү камтыган. Аталган бөлүм Е.А.Резван тарабынан даярдалып, өзүнүн эмгегинде «Хрестоматиянын» автордук жамаатынын аракети менен жетектелген [Прозоров СМ. Введение // Хрестоматия по исламу. М., 1994. С. 3.]. Е.А.Резван белгилүү мусулман дин таануучулары Курандын бир эле 95 сүрөсүн көптөгөн жүз жылдар аралыгында (VII -XX кк.) комментарий беришкендей олуттуу таралуулардын болуусун ачып берген.

Мусулмандык экзегетиканы изилдөө маселесине кылдат көңүл буруу менен ал мындай деп баса белгилеген: «Спецификалык формада тафсирлер араб мусулман коомундагы идеологиялык жана саясий күрөштүн негизги этаптарын, диний ынанымдардын жана алардын авторлору-сунниттер менен шииттердин, суфийлер менен исмаилиттердин, Египет менен Хорасандын, мусулмандык Испания менен Индиянын жашоочуларынын этномаданий шык-жөндөмдөрүн чагылдырышкан [Ргяван Е.А. Коран и его толкования // Хрестоматия по исламу. С. 35.].

2000-жылы Е.А.Резвандын «Коран и его толкование (тексты, переводы, комментарии)» аттуу басылмасынын жарык көрүүсү менен россиялык куран таанунун булактык жана теоретикалык-аналитикалык базасы кеңейген. «Курандык чөйрөнүн» заманбап мусулмандык экзегетикасынын жана адабиятынын анализинде окумуштуу «прогрессивдүү» менен «консервативдүүнүн», «актуалдуу» менен «эскинин» ортосундагы чек ара дайыма аралашып кетет. Анын үстүнө, курандык идеялар менен түшүнүктөр жаңы мазмун менен толукталып, жаңы муктаждыктар жана суроо-талаптарга ылайык маани-маңыз берилет» [Ргяван Е.А. Коран и его толкования // Хрестоматия по исламу. С. 35.].

Куранга комментарий берүүдөгү жана чечмелөөдөгү шииттик ыкмалардын өзгөчөлүктөрү Ф.И.Абдуллаеванын эки эмгегинде кеңири чагылдырылганю 2000-жылы ал тарабынан «Персидская кораническая экзегетика» аталыштагы хрестоматия жарык көрүп, анда X кылымдан азыркы

мезгилге чейинки шиит-дин таануучулар тарабынан түзүлгөн Куранга болгон комментарийлер топтолгон. Андан тышкары Ф.И.Абдуллаева тарабынан аткарылган Лахор университетинин (Пакистан) китепканасында сакталган кол жазма тексттин орус тилиндеги биринчи котормосу жарык көргөн. Аталган басылмага болгон киришүүдө аталган «Куранды чечмелөөнү» изилдөөнүн тарыхы, мусулмандык экзегетиканын эволюциясы берилип, анын шииттик багытынын дин таануучулук-саясий жашыруун сырына мүнөздөмө берилген.

Алгачкы шииттик тафсирлерди түзүү жана шииттик экзегетиканын өнүгүү тарыхы С.М.Прозоровдун «Ислам как идеологическая система» аттуу фундаменталдуу эмгегинде анализге алынган [Прозоров СМ. Ислам как идеологическая система. М,, 2004. С. 258-262.].

Россиялык империядагы, СССРдеги андан кийин постсоветтик Россиядагы курандык изилдөөлөр туурасында айта турган болсок, анда алардын жүзөгө ашырылуу процессинде жалпы жонунан европа илими боюнча жалпы маселелер чечилген.

XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Россия империясындагы Куранды изилдөө бир канча багыттар боюнча жүзөгө ашырылган. Курандык лексика менен терминологияны изилдөөнүн натыйжалары И.Бтвальддын «Опыт арабско-русского словаря на Коран» (Казань, 1863-ж.) аттуу аталыштагы басылмасында берилген. В.Ф.Гиргас «Словарь к арабской хрестоматии и Корану» аттуу эмгекти түзүп, жарыка чыгарган (Казань, 1881-ж.).

Г.С.Саблуковдун көзү өткөндөн кийин жарык көргөн «Сведения о Коране, законоположительной книге мохаммеданского вероучения» (1884-ж.) Курандын тили, анын композициялык структурасы анализге алынып, Чыгышта сакталган Курандын кол жазмасы, андан тышкары анын комментарийлери менен чечмелеништери туурасындагы маалыматтар сакталган. Г.С.Саблуковдун калемине ошол мезгилде Европада камтылган ысымдардын, тарыхый, этнографиялык жана географиялык аталыштардын, диний терминдердин мыкты көрсөткүчү болгон «Приложение к переводу Корана» таандык болгон. Мунун баары араб графикасында жүзөгө ашырылып, кырдаалдуу түшүндүрмөлөр, андан тышкары тигил же бул ысым, аталыш, термин эскерилген сүролор менен айаттардын белгилениши менен коштолгон.

СССРдеги курандык изилдөөлөрдүн өнүгүүсүндөгү олуттуу алдыга жылуулар советтик мамлекеттин кулашына чейин байкалган. Өзгөрүүлөрдүн белгилери XX кылымдын 70-80-жылдар аралыгында байкалып, ата-мекендик жана чет элдик чыгыш таануу илиминин өкүлдөрүнүн ичинен жолун жолдоочулардын жетишкендиктеринин ырааттуулугунун негизинде Куранды изилдөө ишине тартылган окумуштуулардын чөйрөсү байкала баштаган, ал адегенде көп пландуу, андан кийин дисциплинардык аралык мүнөзгө ээ боло баштаган.

80-жылдардын биринчи жарымында бир эле мезгилде курандык изилдөөлөрдүн эки агымы калыптана баштаган. Биринчинин алкагында Куранды мусулмандык укуктун булагы катары, экинчинин алкагында Куран саясий бийликтин булагы жана анын функциялары туурасындагы салттуу-исламдык элестөөлөрдүн баштапкы негиздери иретинде изилденген [Грязнеет П.А. Ислам и государство (к истории государственно-политической идеологии раннего ислама) // Ислам. Религия, общество, государство. С. 189-203; Грязневич ПА К вопросу о праве на верховную власть в мусульманской общине в раннем исламе // Там же. С. 161-174; Пиотровский М.Б. Светское и духовное в теории и практике средневекового ислама // Там же. С. 175-188.]. XXI кылымдын биринчи он жылдыгында илимий-изилдөөчүлүк кызыкчылыктын борборуна мусулмандык Чыгыштагы саясий-укуктук маданият менен демократиялаштыруунун калыптануусундагы жана өнүгүүсүндөгү жеке курандык алдын ала жазуулардын ролун ачып берүү менен байланышкан маселе алынып чыга баштаган [Сюкияйнен Л.Р. Исламская политико-правовая культура и демократизация в мусульманском мире: конфликт или совместимость // Религия и конфликт. М., 2007. С. 85-106].

Диссертациянын **«Илимдин спектриндеги Курандын мазмунунун когнитивдик анализи»** аттуу экинчи бапында илимдин контекстиндеги Курандын мазмунуна салыштырмалуу анализ жүргүзүлгөн.

Экинчи баптын «**Ааламдын жаралуусу туурасындагы маселелер**» деген аталыштагы биринчи параграфында айтылгандай, окумуштуулар ачылыштардагы эскерилген көптөгөн фактыларга ээ болуп, илимий Курандагы илимий белгилерге болгон кызыгуу салыштырмалуу жакында эле пайда болду. Жакшы маалым болгондой, Куранда Ааламдын пайда болуусу жана түзүлүшү, жашоонун суудан пайда болуусу, адамдын эмбрионалдык өнүгүүсү, тоолор менен океандардын түзүлүшүнүн кээ бир өзгөчөлүктөрү, атмосферанын коргоочулук функциясы жана жер кыртышынын кыймылдуулугу туурасында айтылат. Анда андан тышкары Жердин шар образында болуусуна, убакыттын салыштырмалуулугуна, бардык нерсенин жуптугуна, теринин рецептордук аппаратынын өзгөчөлүктөрүнө жана баш мээнин физиологиясына болгон көрсөтмөлөр да бар. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, Куран илимий трактат болуп эсептелбейт жана атайын терминдерди камтыбайт, ал эми андагы айтылган илимий фактылар Жаратуучунун кубаттуулугу туурасындагы белгилер жана анын Пайгамбарынын тууралыгы катары баяндалган. Курандын өзүндө анын маани-маңызы төмөндөгүчө түшүндүрүлөт: «Биз аларга Биздин белгилерди алардын өзүндөгү түс боюнча бул чындык экендиги так болмойун көрсөтөбүз» (Ыйык Куран. 41-Сура «Түшүндүрүлдү», 53-аят). Таасын болгондой, илимий белгилерди камтыган фрагменттер бир эле мезгилде так жана көп маанилүү. Бул ар кыл муундагы адамдарга жана ар башка деңгээлдеги

билимдүүлүккө аларды өз алдынча түшүнүүгө шарт түзөт. Айдан ачык көрүнүп тургандай, орто кылымдык улемдер илимий көрсөтмөлөрдүн маани-маңызына жете алышкан эмес, бирок табигый илимдердин өнүгүүсү менен алардын маани-маңызы түшүнүктүү болуп баштап, тафсирдин андан аркы өнүгүүсү үчүн түрткү болду. Мисалы, «Бардык нерсени Биз жубу менен жараттык» (Куран, 51-сүрө «Жайылтуучу», 49-аят) табияттагы көптөгөн карама-каршылыктардын: түн менен күндүн, асман менен жердин, от менен суунун, жашоо менен өлүмдүн, эркек менен аялдын ж.б.у.с. пайда болуусуна болгон көрсөтмө катары түшүндүрүлгөн. Кванттык механиканын ачылуусу жана заттык-заттыкка каршы дихотомия туурасындагы элестөөлөрдүн пайда болуусу менен аталган аят кыйла терең маани-маңызга ээ болду.

Заманбап астрофизиканын жетишкендиктеринин жардамы аркасында окумуштуулар баса белгилешкендей, Аалам өзүнө караңгы, коюу жана ысык газдык аралашманы камтып турган. Анын далили катары ушундай «түтүндүн» калдыктарынан жаңы жылдыздардын пайда болушу эсептелет. Ага болгон көрсөтмө Куранда дагы камтылган: «Андан кийин Ал түтүн болгон асманга кайрылды» [Куран 41-сүрө, «Түшүндүрүлдү», 11-аят]. Бүгүнкү күнү айныксыз факт катары Жер жана башка асман телолору аталган «түтүндөн» пайда болгон деп эсептөөгө болот. Демек, бүткүл Аалам жеке бир бүтүндүк катары каралган. Куранда бул боюнча мындай деп айтылат: «ишенбегендер асман менен жер бир бүтүндүк болгондугун жана Биз аларды бөлгөндүгүбүздү жана бардык жандууну суудан жаратканыбызды көрүшпөй элеби? Алар эмне ишенишпей элеби?» [Куран, 21-сура «Пайгамбарлар», 30-аят].

Белгилүү болгондой, аталган илимий фактылар мусулмандар эмес, динге ишенбегендер тарабынан орнотулган, ал курандык аятта да көрсөтүлгөн. Ага карабастан алардын басымдуу бөлүгү баары бир кудайлык чындыкка ишенүүдөн баш тартышат.

XX кылымдын башына чейин окумуштуулар арасында Аалам статистик, кыймылсыз структурага ээ деген жобо үстөмдүк кылган. Аалам дайыма өнүгөт, кеңейет деген биринчи гипотезаны XX кылымдын башталышында орус физиги Александр Фридман жана белгиялык изилдөөчү Георг Леметр алып чыгышкан. Бул боолголоо эксперименталдык негизге 1929-жылы ээ болуп, анда америкалык астроном Эдвин Хиббл жылдыздар Жерден өзүнүн оолак болуусуна байланыштуу ар кыл нурланууну чыгарышат. Дагы бир нече убакыт өткөн соң ал баса белгилегендей, жылдыздар Жерден эле эмес, бири-биринен да оолакташат. Бул Аалам дайыма кеңейип, акыркы жылдары байкоо жүргүзүүдөн тастыкталган. Мындай акыйкат көз караш Ыйык Куранда дагы кеңири чагылдырылган: «Биз асманды дагы (Өзүнүн) кубаттуулугу менен тургузулду жана Биз (аны) кеңейтебиз [Куран, 51-сүрө, «Жайылтуучу», 27-аят]. Демек,

Куран астрономия өнүгүүнүн примитивдик баскычында турган мезгилде эле дүйнөгө Ааламдын кеңейүүсү туурасында кабар берди.

Ааламда 200 млрд. жакын галактика, алардын ичинде орточо эсеп менен 200 млрд. жылдыздар бар. Алардын көпчүлүгүндө айланасында спутниктер айлануучу планеталар бар. Аталган бардык асман телолору орбита боюнча кыймылдашат, анын үстүнө бул кыймыл ушунчалык тартипке келгендигин, асман телолору бири-бири менен кагылышпайт. Планеталар жана жылдыздар менен катары Ааламдын мейкиндиктерин алар үчүн орнотулган орбиталар боюнча кыймылдашкан кометалар кесип өтөт. Ыйык Куран адамдар асманга кубаттуу телескоптор менен спутниктердин жардамы менен байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушпаган мезгилде баса көрсөткөн. Улуу Жаратуучу айткандай: «Ал – түн менен күндү, Күн менен Айды жаратуучу. Баардыгы орбита менен сүзүшөт» [Куран, 21-сүрө «Пайгамбарлар», 33-аят].

Ыйык Куран жер кыртышы жана андагы жайгашкан тоолор дайыма кыймылда болуп турушат деген көрсөтмөнү камтып турат. Улуу Жараткан айтат: «Сен кыймылсыз деп эсептеген тоолор булут сымал кыймылдаганын көрөсүң. Бардыгын эң мыкты аткарган Жараткандын жаратуусу мына ушундай» [Куран, 27-сура «Кумурскалар», 88-аят]. Аталган аятта баса белгиленгендей алыскы мезгилдерде адамдар тоолорду кыймылсыз деп эсептешкен. Бирок Куран аталган көз караш туура жана акыйкаттуу деп атабайт.

Жердин өнүгүүсүнүн баштапкы мезгилинде континенттер бири-бирине жакын жайгашышып, андан кийин гана бири-биринен оолакташкан деген гипотезаны алып чыккан биринчи окумуштуу болуп немис изилдөөчүсү Альфред Вегенер эсептелет. Бирок аталган гипотеза 1980-жылы гана окумуштуунун көзү өткөндөн кийин 50 жылдан соң гана таанылган. Геологдор белгилегендей, жыл сайын континенттер 1-5 см. аралашып кетишет да натыйжасында Жердин физикалык географиясынын дайыма болуп туруучу өзгөрүүсү болот.

Оор металлдар ири жылдыздар ядросунда жүздөгөн миллион градус менен ченелүүчү эң жогорку температурада пайда болот. Күн системасы темир сыяктуу элементтин пайда болуусу үчүн жаракатуу структурага ээ эмес. Белгилүү болгондой, темир өзүнүн көлөмү боюнча Күндөн да бир канча жолу ашуучу жылдыздардын ядросунда пайда болот. Темир массасынын алардын ичиндеги топтолуусу кескин белгиге жеткенде аны ичинен жарат [Хадисы знаменитых ученых (Араб. яз.)]. Анын натыйжасында пайда болгон метеориттер космостук мейкиндикте чачырап кетишет. Бир сөз менен айтканда, темир биздин планетада пайда болушу мүмкүн эмес. Аталган илимий факт өткөн жүз жылдыкта эле айтылганы менен ага карата болгон көрсөтмө Ыйык Куранда камтылган. Жаратуучу айтат: «Биз Жараткан Ага жана Анын

элчилерине ким жардам берип жаткандыгын билүү үчүн кубаттуу күчү жана адамдар үчүн пайдасы бар темирди жиберди» [Куран, 57-сура «Темир»,25- аят]. Бул жерде Жерге темир ири жылдыздардан келгендиги жана Мухаммед пайгамбардын мезгилинде, ага тынчтык жана Аллахтын мактоосу болсун аны байкоо жүргүзүү жана эксперименттердин жардамы менен орнотуу эч мүмкүн эмес.

Өзгөчө баса белгилей кетчү нерсе, кыргыз изилдөөчүлөрүнүн ичинен Самат Кадыров биринчилерден болуп Ааламдын айлануусун алдын ала айткан. 1976-жылы эле космостук зонддордун заманбап маалыматтарына чейин эле С.Кадыровдун «СССР ЖОЖнун Жарчысы» журналына макаласына жарыяланган, анда заманбап физиканын маселелерине болгон жеке көз карашын билдирип, өзүнүн эсептөөлөрүнүн негизинде Ааламдын моделин түнт, өздүк камсыздалган жана өз нугунда айланган өз алдынча чөйрө катары элестеткен. Анын пикири боюнча Аалам анын жеке нугу боюнча айланат. Андан кийин макала техникалык физиканын америкалык журналында кайра басылып чыккан. Макала дүйнөлүк чөйрөдө чон реакцияны пайда кылган. Кыргыз окумуштуусуна дээрлик бардык Советтер Союзнунун мурунку республикаларынын, андан тышкары алыскы чет мамлекеттин окумуштууларынан каттар келип турган.

Экинчи баптын "**Адам исламдагы жогорку баалуулук катары**" аттуу экинчи параграфта жогорку баалуулук катары адам маселеси анализге алынат.

Баарыбызга жакшы маалым болгондой, адам – өзүнүн тарыхынын субъектиси. Бул антропоцентризм философиясын түздү. Диндерде да алардын теоцентризмине карабастан адам көңүл борборунан кеткен эмес, ал эми биздин мезгилде басым жасоолор адамга болгон көңүл буруу тарапка аралышып кетет. Аталган маселе исламда кандайча каралат? Башка диндерге караганда башкача каралабы? Аталган суроолорго жооп берүү үчүн кээ бир тарыхый-диний параллелдерге кайрылуу зарыл.

Эгерде ыйык булактардын (оозеки же жазма) текстери, гимндери, сыйынуулары менен тааныша турган болсок, анда дээрлик баардыгы жеке бир схемага: кудайлар (кудай) - адам (адамдар) - турак жай (кудайлар менен адамдардын) болуп топтолот. Андыктан жалпы тенденция айныксыз: эрте мифологиялык-диний көз караштардын үстөмдүгүнүн деңгээлинде: кудайлар жакшылык каалоочулардан жана адамдардын жакын досторунан болуп эсептелишет. Бирок социалдык коллизиялар менен "жогорку" (үстөмдүк кылуучу) жана "төмөнкү" дифференциациясынын тереңдөө ченеми боюнча кудайлар биринчилердин колдоочулары катары кызмат кылышат. Ошону менен бирге адам аарынын уюгунда эч өзүн жоготпойт, ал тирүү жандык катары кудайга пайдалуу болуп өз алдынчалашат.

Адамды жогорку баалуулук катары кароонун актуалдуулугу ислам

адамына, заманбап философиялык антропологиянын өнүгүүсүнө жана адамды комплекстүү изилдөө маселелерине болгон жогорку кызыгууну берген заманбап социомаданий өнүгүүнүн тенденциялары менен аныкталат. Адамдын табиятынын деңгээлдик структурасына байланыштуу адамды маданияттын тарыхый баалуулуктарын алып жүрүүчүсү катары бөлүп көрсөтүшөт. Адамды маданияттын субъектиси катары кароочу антропологиялык редукция принциби биологиялык жол менен гана өнүгө албай турган жаратмандык жөндөмдүүлүгүн билдирет. Индивиддин символдук ойлому маданий баалуулуктарды жана адамды социум, социомаданий чөйрө менен байланыштыруучу баалуулуктар системасы аркылуу өздүк шайкештештирүүчү рефлексивдик ойломду жаратуучу маңыз болуп эсептелет. Ал эми бул болсо, адамдын концептин социомаданий чөйрөнүн  кыйла олуттуу аспектилерин адекваттуу баяндоого, б.а. ислам салты боюнча гана калыптанган адамды түшүнүүгө биз исламда адамдын концептин комплекстүү философиялык-антропологиялык иизилдөө аркылуу гана келе алабыз. Заманбап философиялык антропологияда азыркыга чейин адамды исламдын концепти катары реконструкциялоо максатында философиялык-антропологиялык көз караштa комплекстүү изилдөө жокко эсе.

Биздин көз карашыбызда, исламдагы адамды комплекстүү түшүнүү маселелерине кайрадан маани-маңыз берүү муктаждыгы эки олуттуу кыйынчылыктарга туш болот:

Биринчиден, иштелип чыккан исламдык философиялык антропологиянын жана ислам антропологиясынын фрагменттешүүсүнүн жоктугуна.

Экинчиден, колониализм доорунан баштап, диний философиялык салттардын өнүгүүсү жана исламдык салттын философиялык-антропологиялык маселелерин чечилүүсү исламдык антропологиянын алдында калып, андан ары салт эле эмес, андан тышкары да каралган жалпы же философиялык антропологиянын методологиясына ылайык уюшулган адам тууралындагы элестөөлөрдүн жыйындысы – антропологиялык исламдын алдында каралып адам жөнүндөгү окуулардын жыйындысы түшүндүрүлөт.

Исламдагы адамды түшүнүү маселесине болгон көңүл буруу жана кызыгуу араб дүйнөсүнүн Египет, Тунис, Ливия ж.б. сыяктуу ири өлкөлөрүндө радикалдуу революциялык кайра өзгөрүүлөр болуп жаткандыгына карабастан бүгүн да актуалдуулугун жогото элек, анын үстүнө араб дүйнөсү, Чыгыштын башка өлкөлөрүнөн келе жаткан сепаратизм, исламизм, терроризм маселелери азыркыга чейин чечилбей келүүдө. Андан тышкары, бүгүнкү күнүмдүк аң-сезимде исламдын адамынын орто кылымдык образын «билимдин жаркыраган казынасы» катары сакалчан жапайы-фанатиктин образы алмаштырат…Ушул жана башка маселелерге жооп издөөдө аталган эмгекте исламдагы антропологиялык окуулардын концепцияларына философиялык анализ жүргүзүү аракети көрүлдү.

Демек, ислам дүйнөсүндөгү адамды философиялык антропологиянын жана дин философиясынын алкагында изилдөө жана таасын илимий-изилдөөчүлүк парадигманын жоктугу менен байланышкан маселелерге талдоо жүргүзүү муктаждыгы адамды исламда жогорку баалуулук катары кароого кайрылуу зарылчылыгын пайда кылган. Мындай ыкма белгилүү бир деңгээлде философия үчүн жаңы болуп эсептелет жана аталган изилдөө өзүнө исламдын философиялык антропологиясын реконструкциялоонун биринчи аракетин камтып турат.

Исламдагы адам маселесин талдоого алуу менен биз Куран менен Суннадагы камтылган материалдарга кайрылдык, бирок мусулман дүйнөсүндөгү адам маселесинин философиялык-дүйнө көз караштык мүнөздөмөсүн негиздөө үчүн ал жетишсиз, ал бир жагынан элдик, турмуш-тиричиликтик маани-маңызда мусулмандын адекваттуу көз караштарын, экинчи жагынан – исламдын диний-укуктук талаа шарттарында эле эмес, жалпы эле анын философиялык-антропологиялык маани-маңыздык мүмкүнчүлүктөрүндө да маанилүү болуп эсептелмек.

Ислам антропологиясындагы адамдын нравалык табияты эки жактуу: бир жагынан, адам табияты боюнча боорукер, экинчи жагынан – чабал. Боорукер болуу адам үчүн адамдарга жеткиликтүү формада, ал үчүн берилген Мыйзамга баш ийүү дегенди түшүндүрөт. Бирок боорукер болуу үчүн адамга өзүнүн бардык күч-кубатын перманенттүү мобилизациялоосу зарыл. Демек, адамдын эркиндиги өзүнүн эки жактуу табиятынын бир тарабын кармануууда турат жана аталган өзүнүн эркин тандоосу үчүн адам толук жоопкерчиликти мойнуна алат.

Чыгыш фатализминде, адамга карата исламдагы жалпы маанай оптимистик келет. Анткени адам Кудай тарабынан анын жердеги орун басары катары жаратылган. Адам чабал жана өркүндөгөн эмес, жакшылык менен жамандыкты өзү айырмалай билбейт - бирок бул үчүн адамзатка «жаратылбаган» берилген. Мусулмандын жашоосу – эң жогорку баалуулук, ал эми негизги милдет – адамзаттын керектөөлөрүнө жана Жаратkандын эркине ылайык жердеги иштердин орундалышы. Ислам – адамдан аталган милдетти аткарууда жогорку күч аракеттерди талап кылбайт, анын аткарылуусунун критерийи болуп ар бир конкреттүү адамдын уят-сыйыты эсептелет. Ошондуктан адам жердеги бийликке ээ болуп өзүнүн жүрүм-турумдары үчүн бардык жоопкерчиликти алып жүрөт. Жаратуунун акыркы максаты болуп адам эсептелет.

Экинчи баптын "**Курандагы илимдерди изилдөө маселелери**" деген аталыштагы үчүнчү параграфта Курандагы илимдерди изилдөө маселелери каралат.

Курандагы илимдерди изилдөө маселелери мүмкүн боло турган нерсе, адамзаттын тарыхы логиканын көз карашында кыйла татаал жана кыйын

кырдаалды башынан кечире элек. Жашоо-турмуштун аныктуулугу жана эксперименталдык илимдердин натыйжалары бизди эки кудайлык түшүнүгү менен бетме-бет келтирди. Бир жагынан, Кудайды, кудайлык диндерди четке кагуу жана ал тургай таанууга мүмкүн эмес, анткени биздин жашоо-турмуштун ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет; экинчи жагынан, эксперименталдык илимдердин натыйжасы боюнча өзүнүн болмушун далилдеген жаңы илимдердин Кудайы түздөн-түз же кыйыр түрүндө адамдын жашоосунун күнүмдүк өнүгүүсүнө таасирин тийгизет. Чыгыш жана батыш ойчулдарынын аталган маселе боюнча  көз караштары ар башка жана коом таануучулар менен психологдордун пикиринде алар толугу менен карама-каршы келишет. Бирок бул батыш коом таануучуларынын көз караштары өзүнүн алдында реалдуу өзөкө ээ эмес, анткени биз муктаж эмес темага байланды жана Чыгыштын жана аталган региондун ар кыл диндеринин өкүлдөрүнүн көз караштары гана реалдуулукка ылайык келет. Ошондуктан эксперименталдык илимдердин натыйжаларын моюнга алуу же толук жаңылыштык деп эсептөөнү идеологиянын же диндин салмагы менен эмес, эксперимент тарабынан аныктоо туура болот. Эксперименттин негизиндеги илим өзүнүн жашоосун далилдеп эле тим болбостон, анын зарылчылыгын да негиздей алат.

Курандагы илимдерди изилдөө маселелери башка мектептердин түшүнүктөрүнөн кыйла кеңири турат жана ал светтик же диний илим болобу, эч кандай айырмачылыгы жок олдоксондукту оолактатууну жоготууну жөнгө салып, ислам тарабынан кабыл алынат. Бирок исламда талкуулоого жана изилдөөгө болбой турган илимдер туурасында айтылат жана диний тобо кылууга гана жакындайт. Ушуга байланыштуу ислам табият таануу, өсүмдүктөрдү таануу, коом таануу ж.б. илимдер сыяктуу илимий таанымдарга өзгөчө орун бөлөт. Анткени Курандын акыркы максаты болуп адамзаттын насыяты, олдоксондук менен акылсыздыктан арылуу үчүн адамга жардам берген бардык илим татыктуу жашоого үндөйт, Куран тарабынан үгүттөлөт, анткени маңыздын көз карашында алар бир эле максатты көздөшөт. Илимдерди үгүттөөнүн ачык мисалы болуп Фатир» 28-29, «Рум»-22, «Аараф»-179, «Тарик»-5-7, «Зарият»-21, «Анкабут»-20 ж.б. сүрөлөр эсептелет.

Ошондуктан мындай деп айтылат: Имам Бакир: «Жүрөктө билимдерден болгон бир нерсе жок болсо куруучусу жок кыйраган там сымал”. Имам Садик: “Окумуштуулар пайгамбарлардын мураскерлери” [Куран. Душанбе «Ирфон», 2007.].

«Чындыгында эле окумуштуулар менен ойчулдар гана кудайдан коркушат жана анын алдында баш ийишет» [Коран, Сур Фатир аят 28]. Аталган аят көрсөткөндөй, Кудай окумуштуулардын теориялары менен фактыларын жогору баалайт. Ошого байланыштуу, ислам илимдерди окууга ачык эле үндөйт деп айтууга болот. Ушундай көз караш исламды коомдун жашоосунун башка

тармактарында пайдалануу аракети бардык илимий далилдөөнүн негизин жана анын абалын сактоо үчүн реалдуу маңызын таанып билүүнү жана коомдогу исламдын конструктивдүү ролун талап кылат. Баарынан мурда, эске сала кетүүчү нерсе, диндин башкы касиети жогорку күчтөрдүн жана анын постулаттарынын бар экендигине болгон ишеними катары, башкача айтканда диндин демократиялык касиети белгилүү бир ченемде диний илимдерде чагылдырылган. Эгерде аталган маселе боюнча ачык эле кеп кыла турган болсок, анда биз диндин ыйыктыгы адамдын акыл-эсинин анын кээ бир постулаттарын түшүнүүдөгү жеткиликсиздигин жана алардын кудайлык сырын таанып билүүсүн моюнга алуубуз керек.

**Корутундусунда** диссертациялык изилдөөнүн негизги жыйынтыктары берилди.

-Куран боюнча, Аллах адамды бул сынап, анын өзүнө кийинки түбөлүктүү жашоодо түшүм чогултуш үчүн “талааны” берет. Ошондуктан Аллах кезеги менен адамдарга ийгилик менен кырсыкты, жеңиш менен утулууну, гүлдөп-өсүү менен төмөндөөнү жиберет, анын баары жакшылыкты жамандыктан айырмалай билүү үчүн керек. Сыноо айтып тургандай, сыналуучу эркин тандоого ээ, ал уруксат берилген менен тыюу салынгандын, жакшылык менен жамандыктын ортосундагыны тандайт. Ошентип, Куран боюнча, тарыхты таңууланбаган Кудайдык Эрк эмес, тескерисинче, Жараткан Аллах иштерин анын универсалдуу Эркин жүзөгө ашыруу үчүн элементардык шартты койгон адамдын жеке тандоосун жаратат. Эгерде аталган учур толук түшүнүктүү болсо, анда тарыхтын батыштык философиясынын, өзгөчө алардын “айныксыз соңуна чыгуу” концепциясынын бардык далилсиздигин көрүүгө болот.

- Куран ар тараптан изилдөөгө татыктуу. Изилденүүчү темалардын бири – Курандын көркөмдүүлүгү менен кыраатынын коолдугу, проза да, поэзия да болуп эсептелбеген анын стили. Ал элестетүүнүн өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүк берген поэзиянын өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес, көп жагынан поэзия менен прозадан ашып түшөт, аны таанып билип, башынан өткөргөндөрдүн кубаттуу жана уникалдуу рухий өзүнө тартуу каражаты болуп эсептелген таасын ыргак менен музыкага ээ. Курандын интеллектуалдык жана илимий мазмуну дагы изилдөөгө муктаж. Курандын максаты болуп болмуш системасында анын спецификасы жана ишмердүүлүгүнүн мыйзамдарынын түшүндүрүүгө ылайык илимий феноменин, табияттык көрүнүштөрүн ачып берүү эсептелбейт.

- Сырдуу жаралууну түшүндүрүүдө, талап кылынгандай, Куран таасын жана так. Адамзат ойлому татаал чындыкты аңдап билүү күчкө ээ болбой калганда, Курандын мазмунунун өзү аларды чечүүгө бел байлаган, бирок

адамдын интеллектинин жана билимдеринин өнүгүү деңгээлине жараша аталган бел байлоолор ошол мезгилдеги маселелерди аныктады. Курандын мазмунун түшүндүрүүдө мусулмандык окумуштуулар бир эле мезгилде алардын изилдөөлөрүнүн жана Курандын рухий байлыгынын натыйжасы болуп эсептелген ар кыл көз караштарды айтышкан. Аталган рухий баалуулук, айыксыз түрдө, таланттуу интеллектуалдуу акылман боло албайт.

-Ислам таанунун илимий (академиялык) дисциплина катары пайда болуусу жана калыптануусу Куранды орус тилине которуунун жүз жылдан ашуун мезгилин, андан тышкары курандкы изилдөөлөрдүн көп пландуу өнүгүүсүн камтыган. Азыркы мезгилде тигил же бул убакыттык алкакта котормочулук ишмердүүлүктүн өркүндөтүлүшүнүн тарыхы чагылдырылган чет элдик басылмалар аз эмес, анда Куран тигил же бул ченемде диний-философиялык, адабий, тарыхый-маданий эстелик, ал эле эмес исламдык укуктун башкы булагы катары каралган. Анын баарысы дүйнөлүк куран таануунун өнүгүүсүнүн калыптануусу жана тенденциялары тууралуу жалпыланган элестөөлөрдүн калыптануу ишинде алдыга жылууга шарт түзөт.

- СССРдеги курандык изилдөөлөрдүн өнүгүүсүндөгү олуттуу алдыга жылуулар советтик мамлекеттин кулашына чейин эле бир аз мурунураак байкалган. Өзгөрүүлөрдүн белгилери XX кылымдын 70-80-жылдар аралыгында ата-мекендик жана чет элдик чыгыш таануу илиминин өкүлдөрүнүн жетишкендиктеринин ырааттуулугунун негизинде Куранды изилдөөгө кирген окумуштуулардын чөйрөсүнүн олуттуу кеңейүүсү менен башталган, аталган изилдөө көп пландуу, андан кийин дисциплинардык аралык мүнөзгө ээ болгон.

-Акыр аягында биринчи кезекте анын идеологиялык негизинин эки жактуулугу менен шартталган тарыхый булактын жана тарыхый-маданий эстеликтин өзгөчөлүгү баса белгиленген. Баарынан мурда, Куран социалдык психологиянын көптөгөн элементтерин жана жамааттык коомду кыйратууга учураткан тилдик дүйнөнүн диний аң-сезимин эле эмес, негизинен ички Аравиянын отурукташкан борборлорунун коомунда пайда болгон монотеизмди, жаңы социалдык институттарды жана этномаданий нормаларды бекитүү процессин да керемет санкция менен бекиткен".

-Нукура сезимдер менен сугарылып, диний окумуштуулар өзүлөрүнүн жашоо аралыгында чоң эргүү менен Ааламдын мыйзамдарын ачуу үчүн кереметтүү табияттык системаларды, жандуу организмдердеги механизмдерди изилдөө, алардын жүрүм-турумдарына ой жүгүртүү үчүн иш алып барышкан. Аталган иштер болсо абдан натыйжалуу болуп, олуттуу алдыга жылууну камсыз кылышкан. Аталган жолдо кезигүүчү кыйынчылыктар аларды эч кооптондурбайт. Алардын эргүүлөрүн мокотуп, адамдардан алар өз эмгектери үчүн кандайдыр-бир сыйлыкты алышпайт, ошондуктан алардын эмгектеринин максаты болуп жогорку жактырууга - Улуу Жараткан Аллахтын жактыруусуна

ээ болуу.

-Жандуу организмдер Аллахтын тарабынан жаратылгандыгын аңдап билүү илимге жаңы горизонтторду ачып, табиятты кыйла туура түшүнүүнү камсыз кылат. Бирок окумуштуу-материалистер Аллахтын Жаратуусун четке кагышат. Алардын пикиринде бардык жандуу заттар кокусунан болгон окуялардын натыйжасында пайда болушкан. Кокусунан жаралган Ааламда таптакыр табигыйлуулук болуп "жаңылыштык жана керексиз продуктулардын" же "жаңылыш долбоорлордун" пайда болуусу эсептелет. Ошол жаңылышуунун аркасында көптөгөн илимий далилдер бүгүнкү күнгө чейин туура эмес бааланып келген, ал эми көптөгөн маанилүү көрүнүштөр узак жылдар бою жабылуу бойдон кала берген.

-Жогоруда айтылгандай, жаңылыш концепциялар илимди башкаруу менен убакыттын, каражаттын жана натыйжасыз эмгектин корошуна алып келген. 18-кылымдан баштап илимде материалистер үстөмдүк кылышып, дээрлик бардык илимий иштер материализмдин абалын илимий жактан далилдөө үчүн жүргүзүлүп келген. Материалистик постулаттарды четке каккан илимий фактылар коомчулук тарабынан бурмаланган түрүндө берилген. Өз изилдөөлөрнүн жана эксперименттеринин жүрүшүндө эволюциянын далилдерин издөөгө аракет кылуу менен эволюционистер дайыма Жаратуучуун далилдерин таап турушкан.

-Адам маселесин Исламдагы жогорку баалуулук катары талкуулоо зарылчылыгы төмөнкү эки кырдаалдан улам келип чыгат: Биринчиден, ислам дүйнөлүк дин катары азыркы мезгилде дүйнөдө, христианчылыктан кийинки экинчи орунда турат, өзүнүн жолун жолдоочуларынын саны боюнча, албетте, адам феномени боюнча өзүнүн диний окууларынын ички-мазмундук карама-каршылыгы туурасында бардык чындыкты билүүлөрү керек. Экинчиден, жер шарынын ар кыл региондорундагы мусулмандык экстремизмдин активдешүүсүнө байланыштуу мусулман эместерде кандайдыр-бир "исламофобия" пайда болуп, мусулмандар менен мусулмандар эместердин ортосундагы карым-катнаштарга кооптонуунун негативдүү элементин, ал эле эмес ачык эки жактуу касташууну киргизет.

- Куран VII кылымдын ортосунда үчүнчү башкаруучу Осмон халифинин тапшырмасы боюнча жазгычтардын, Куран окуучулардын жамааты тарабынан Китепке чогултулган, бирок дин таануучулук салт Курандын текстин Аллахтын өзү тарабынан түзүлүп, адамдарга Аллахтын элчиси (ар.расуль) Мухаммед тарабынан маалымдалган текст катары карайт. Курандын негизги багыты мындайча: Аллах дүйнөнүн жаратуучусу, өзүнүн эрки боюнча ар бир адамды жаратып, анын жашоо-турмушун берип, андан ары өзүнө жан берип, өлгөндөргө бейиш багында же тозок отунда түбөлүктүү жашоону берет.

-Ушул көрүнүштүн болушу менен гана адам жаныбарлардан

айырмаланып турат. Куранда баса белгилингендей, периштелерде акыл-эс бар, бирок денеси жок, жаныбарларда денеси бар, бирок акыл-эси жок, бирок адамда дене дагы, акыл-эс дагы бар. Куран окуусуна ылайык улуу жараткан ошол эле рухка баш ийген акыл-эсти жаратты, биринчи кезекте ал суукту, ысыкты, жумшакты, катууну жана башка табият көрүнүштөрүн туюп-сезет. Жаш-курагы менен балада угуу жана көздүн жардамы менен табиятты таануусу жогорулайт, бул болсо тааным деп аталат. Ошондуктан Кудай адамга акыл-эсти өркүндөтүү максатында илимди таанып билүүгө үндөйт. Аталган көз караште тааным аркылуу адам өзүнүн иш-аракеттеринде жарыктын нуру катары периштеден жогору турат, же болбосо ал нерселерден да төмөн болуп калат.

**Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү жарык көргөн эмгектерде чагылдырылды:**

1. Гуйахунов Л.Т. Концепция сущности творца в Коране и Библии [Текст] Гуйахунов Л.Т. // Кыргызско-Российский Славянский Университет. -Б.,2006.
2. Гуйахунов Л.Т. Христианство в зеркале истории [Текст] Гуйахунов Л.Т. //Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана -Б., №12, 2016. -С.203-206.
3. Гуйахунов Л.Т. Место матуриди в исламской теологии [Текст] Гуйахунов Л.Т. // Наука. Новые технологии и инновации Кыргызстана -Б., №10, 2016. -С.259-262.
4. Гуйахунов Л.Т. Отношение ислама к немусульманам [Текст] Гуйахунов Л.Т // Известия ВУЗов Кыргызстана -Б., №3, 2017. -С.196-200.
5. Гуйахунов Л.Т. Мазхабы и мусульманское право [Текст] Гуйахунов Л.Т // Вестник ИФиППИ НАН КР. -Б., №1, 2017. -С.62-67.
6. Гуйахунов Л.Т. Наука и содержание Корана [Текст] Гуйахунов Л.Т // Новые технологии и инновации Кыргызстана -Б., №3, 2017. -С.192-195.
7. Гуйахунов Л.Т. Роль деятелей культуры и религиозных лидеров в построении культуры мира [Текст] Гуйахунов Л.Т // Высшая школа. Научно-практический журнал -Уфа., №5, 2017. -С.31-35.
8. Гуйахунов Л.Т. Положение женщин в исламе [Текст] Гуйахунов Л.Т // Высшая школа. Научно-практический журнал -Уфа., №5, 2017. -С.35-38.

**Гуйахунов Лугмар Таштровичтин 09.00.03 – философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Заманбап илимдин контекстиндеги Куран: тарыхый-философиялык анализ” аттуу диссертациясына**

## РЕЗЮМЕ

**Негизги сөздөр**: Ислам, Куран, Аллах, Кудай, Пайгамбар, хадистер, аят, сура, илим, адам, Аалам, баалуулук.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп заманбап илимдин контекстиндеги Куранды изилдоонун методологиялык маселелери, ал эми изилдоонун предмети болуп илимдин спектриндеги Курандын мазмунуна когнитивдуу анализ жасоо эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты** катары заманбап илимдин контекстинде Куранды изилдоо эсептелет.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** Куран маселеси боюнча чет элдик жана ата-мекендик философиялык, социологиялык ойломдун окулдорунун эмгектери, идеялары жана жоболору тузот.

**Илимий жаңылыгы**: Иште тарыхый-философиялык рефлексиянын денгээлинде Куранга философиялык анализ жургузулду.

Изилдоонун илимий жанылыгына томонкулорду киргизсек болот:

-дуйнолук илимдеги Куранды изилдоонун концепциялары ачылып берилди;

-Куранды изилдоонун дисциплинардык аралык ыкмалар маселесине анализ жасалды;

-Ааламдын жаралуусу туурасындагы маселе ачылып берилди;

-адам исламдагы жогорку баалуулук катары анализ жасалды;

-Курандагы илимдерди изилдоо маселелери такталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Автордун жоболору менен корутундулары жана изилдоонун материалдары философия, маданият таануу, социология курстары боюнча окуу процессинде жана гуманитардык факультеттерде лекцияларды окууда колдонулушу ыктымал.

**Пайдалануу чөйрөсү**. Диссертациянын натыйжалары Кыргызстанда эле эмес, чет мамлекеттердеги да Куран маселелери боюнча илимий-изилдоочулук иштерде пайдаланылышы мумкун.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Гуйахунова Лугмара Ташировича на тему: «Коран в контексте современной науки: историко-философский анализ», представленной на соискание ученой степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 - история философии.**

**Ключевые слова:** Ислам, Коран, Аллах, Бог, Пророк, хадисы, аят, сура, наука, человек, Вселенная, ценность.

**Объектом исследования** является методологические проблемы изучения Корана в контексте современной науки, а **предметом же исследования** выступают когнитивный анализ содержание Корана в спектре науки.

**Целью диссертационной работы** является изучение Корана в контексте современной науки.

**Методологические и теоретические основы диссертационного исследования** составляют труды, идеи и положения представителей зарубежной и отечественной философской, социологической мысли по проблемам Корана. В процессе исследования были использованы системный, формально-логический, исторический методы научного познания.

**Научная новизна.** В работе на уровне историко-философской рефлексии проводится философский анализ Корана.

К научной новизне исследования можно отнести также следующие моменты:

- выявлены концепции изучения Корана в мировой науке;
-был подвергнут анализу проблема междициплинарного подхода изучения Корана;
- выявлены вопросы происхождения Вселенной;
- проанализирована проблема человека как высшая ценность в исламе;
- определены проблемы изучения наук в Коране.

**Рекомендации по использованию.** Положения и выводы автора и сам материал исследования могут быть использованы в учебном процессе при преподавании курсов по философии, культурологии, социологии и при чтении лекций на гуманитарных факультетах.

**Область применения.** Результаты диссертации могут быть использованы в научно-исследовательской работе по проблемам Корана, как в Кыргызстане, так и за его пределами.

## RESUME

**dissertations of Guiashunov Lugmar Tashirovish on a theme: "Koran in the context of the modern science" presented on the competition of graduate degree of candidate of philosophical sciences on speciality 09.00.03 is history of philosophy.**


**Keywords:** Islam, Koran, Allah, God, Prophet, хадисы, аят, сура, science, man, Universe, value.

A research **object** is methodological problems of study of Koran in the context of modern science, and it is come forward the article of research analysis maintenance of Koran in the spectrum of science.

**The aim of dissertation** work is a study of Koran in the context of modern science.

**Methodological and theoretical** bases of dissertation research are difficult, ideas and positions of representatives of foreign and home philosophical, sociological idea on the problems of Koran. In the process of research were used system, formally-logical, historical methods of scientific cognition.

**Scientific novelty**. In-process at the level of historical and philosophical reflection the philosophical analysis of Koran is conducted.

To the scientific novelty of research it is possible to take also next moments:

- conceptions of study of Koran are educed in world science;
- will expose to the analysis problem of disciplinary approach of study of Koran;
- the questions of origin of Universe are educed;
- the problem of man is analysed as a higher value is in an islam;
- the problems of study of sciences are certain in Кoran.

**Recommendations on the use**. Positions and conclusions of author and material of research can be used in an educational process at teaching of courses on philosophy, культурологии, sociology and at reading of lectures on humanitarian faculties.

**Application domain**. The results of dissertation can be drawn on in research work on the problems of Koran, both in Kyrgyzstan and after his limits.